УДК: 373.2

***Кадырова Н., Чекирова Г.***
*Кадырова Нази – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ;*
*Чекирова Г. – п.и.к., проф.м.а., С. Нааматов атындагы НМУ*

# ЖАШТАРДЫН ҮЙ-БҮЛӨ КУРУУГА ДАЯРДЫГЫ

# ГОТОВНОСТЬ МОЛОДЕЖИ К СОЗДАНИЮ СЕМЬИ

# READINESS OF YOUTH TO CREATE A FAMILY

***Аннотация.*** *Макалада ар бир адам үчүн жашоодогу үй-бүлөнүн орду, баалуклуктары жана көйгөйлөрү жөнүндө маалымат берилген. Ошондой эле бүгүнкү күндө акталдуу болгон жаштардын үй-бүлөө куруугa даярдыгы жөнүндө жана ага тийгизе турган үй-бүлөлүк тарбиянын негиздери жөнүндө жазылган.*

***Аннотация.*** *В статье представлена информация о роли, ценностях и проблемах семьи. Также рассмотрены вопросы готовности современной молодежи к созданию семьи и основах семейного воспитания.*

***Abstract.*** *The article presents information about the role, values and problems of the family. Also considered are the readiness of modern youth to create a family and the basics of family education.*

***Түйүндүү сөздөр**: үй-бүлө, нике, жаштар, үй-бүлөлүк тарбия, ата-эне, балдар, тартип, баалулуктар*

***Ключевые слова:*** *семья, брак, молодежь, семейное воспитание, родители, дети, дисицплина, ценности.*

***Key words:*** *family, marriage, youth, family education, parents, children, discipline, values.*

Ар бир адам үчүн үй-бүлө жана нике байыртадан бери жашоодогу маанилүү учур болуп эсептелет. Өнүккөн өлкө үчүн дени сак жана бекем үй-бүлө - туруктуулуктун жана бакубаттуулуктун ачкычы. Үй-бүлө – коомдо эң маанилүү социалдык функцияларды аткарат жана өзгөчө роль ойнойт. Гармониялуу инсан бекем, бакубат үй-бүлөдө калыптанат.

Үй-бүлө эң байыркы коомдук институттардын бири. Үй-бүлөгө жана никеге арналган көптөгөн изилдөөлөр бар. Изилдөөчүлөр жалпысынан коомдук өнүгүүдө, ошондой эле адамдын жашоосунда маанилүү руханий керектөөлөрдү канааттандыруу жана калыптандырууда, жубайлардын ортосундагы, ата-энелер жана балдар, туугандардын ортосундагы мамилелерди түзүүдө үй-бүлөнү тарыхый конкреттүү система катары аныктайт.

Адам баласы жарык дүйнөгө келгенде ата-эненин үй-бүлөсүндө болуп, ал эми бойго жетип мезгили келгенде ал өзү үй-бүлө куруп жашайт. Үй-бүлө – социалдык институт, ал бир нече этаптардан турат: никеге туруу, балдардын төрөлүшү, үй-бүлөдөн бөлүнүү ж.б. Үй-бүлө ата-эне, бир же бир нече бала менен толукталат. Үй-бүлөдө эки адамбы, же андан көп адамбы, бул маанилуу эмес, анткени бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып, бир кеменин ичинде бир-бириңе арка-жөлөк болуп, жардам берип, кызмат кылып жашоо маанилүү болуп саналат. Үй-бүлөдө эң жакын жана эң кымбат адамдар, алар алыста болсо да жардам берип, бири бирине колдоо көрсөтөт.Үй-бүлө – бул тирөөч, ишенимдүү тыл, аны коргоо жана сактоо керек.

Кыргыз Республикасынын үй-бүлө кодексинде үй-бүлөөнүн негизги мыйзамдары, милдеттери жана укуктары жазылган. Бул үй-бүлө кодексинде төмөндөгүдөй түшүнүктөр бар:

**үй-бүлө** - никеден, туугандыктан, бала асырап алуу же балдарды тарбияга алуунун дагы башка түрлөрүнөн улам келип чыгуучу үй-бүлөлүк мамилелердин чыңдалышына жана өнүгүшүнө көмөк көрсөтүүгө кызмат кылуучу мүлктүк жана мүлктүк эмес жеке укуктар жана милдеттер менен байланышкан адамдардын чөйрөсү;

**нике** – үй-бүлө күтүү максатында түзүлгөн, жубайлардын ортосундагы мүлктүк жана мүлктүк эмес мамилелерин жарата турган, мыйзамда белгиленген тартипте тараптардын эркин жана өз ара макулдугу менен эркек жана аялдын ортосундагы тең укуктуу жана ыктыярдуу баш кошуусу.

Үй-бүлө, аталык, энелик, балалык - бүткүл коомдун камкордугунун жана айрыкча мыйзамдык коргоонун жүйөсү. Мамлекет жарандарды үй-бүлөлүк турмушка, жубайлыкка, аталыкка жана энеликке даярдоону камсыз кылат.

Үй-бүлө кылымдар бою улуу баалуулук катары эсептелинип келген, өзгөчө, адам жашоо үчүн чоң команда керек болгондо, адамдык байланыштын биринчи түрү болуп саналат. Ар бир үй-бүлө өз мүчөлөрүнө уникалдуу чөйрөнү камсыз кылган уникалдуу система. Үй-бүлө жана нике байыртадан бери ар бир адам үчүн жашоодогу маанилүү учур болуп келген, жаштарды өз алдынча жашоого даярдайт, турмуш курууга, салттарды сактоого үйрөтөт.

Бирок, тилекке каршы, бүгүнкү күндө үй-бүлө жана нике менен байланышкан бир катар көйгөйлөр бар. Акыркы жылдары ажырашуулардын көбөйүшү, жаштардын никеге туруу каалоосунун төмөндөшү жана үй-бүлө институтунун терең кризиси байкалат. Жаштардын үй-бүлөгө жана никеге даяр болуу маселеси бүгүнкү күндө өтө актуалдуу жана заманбап коомдун көйгөйү.

Буга саясий жана социалдык өзгөрүүлөр, турмуштук баалуулуктардын өзгөрүшү, адамдардын аң-сезиминде жаңы стереотиптердин калыптанышы себеп болууда. Негизинен үй-бүлө түзүү үчүн жаштардын психологиялык жактан жетилбегендиги же даяр эместиги деп белгиленет.

Көптөгөн теориялык изилдөөлөрдө жаштардын никеге туруу жана үй-бүлөгө даяр экендиги бул үй-бүлөлүк тарбиянын натыйжасы жана инсандын психологиялык даярдыгы деп баса белгиленет.

Инсандын психологиялык даярдыгы никени уюштурууда жана өнүктүрүүдө башкы ролду ойнойт.

Жашоо өнөктөшүн тандоо боюнча стратегиялык чечим кабыл алууда психологиялык механизмдер ачыкталган. Инсандын үй-бүлөө куруу учурунда төмөнкү жеке эмоционалдык механизимдери актуалдаштырылат: сезимдер жана эмоциялар (сүйүү, балалуу болууну каалоо; жалпы кызыкчылыктар, көз караштар, экономикалык факторлор, өнөктөшкө психологиялык колдоо көрсөтүү, тыгыз байланыш жана өз ара түшүнүшүү; жеке бакытка умтулуу, интимдик ырахат; муктаждык, жалгыздыктан качуу ж.б.).

Жаштык кез - бул адам өзүн, кесибин, коомдогу ордун, өнөктөшүн издөө мезгили. Жаш курак жогорку коомдук активдүүлүгү менен мүнөздөлөт. Жумуш, дин, саясат, маданият, үй-бүлө жаш адамдын өнүгүү чөйрөсүнө айланат жана жаштардын алдында тандоо маселеси, изденүү жана бардыгын өзүнүн башынан өткөрүп көрүү мүмкүнчүлүгү болот. Көп учурда ушул куракта үй-бүлө куруу башталат.

Биздин элибизде туруктуу никелер көп болгон, салттуу үй-бүлөлөрдө жубайлар арасында нааразы болгон учурда дагы намыстанып чогуу жашаган. Көп учурда бирин бирин таанышбай, ата энеси тандап үйлөндүргөн жубайлар бирге түтүн булатып, көп бала чакалуу болуп, ынтымактуу жашап кетишкен. Ал эми азыр жаш үй-бүлөлөр нааразы болгон учурларда, балдары болсо дагы ажырашып кеткени көп байкалат. Көп жылдар сүйлөшүп, таанып билип, үйлөнүү тоюн дүңгүрөтө өткөрүп эртеси эле ажырашкандардын кадыресе көрүнүштөй. А түгүл көп жыл чогуу түтүн булатып эки ара жолго түшкөндөрдү дагы көрүүгө болот.

Улуттук статистикалык комитеттин маалыматы боюнча, акыркы жылдары Кыргызстанда ажырашуулардын саны көбөйгөн. Мисалы бир жылда 49 миң жуптун никеси расмий каттоодон өтсө, 9 миңден ашуун үй-бүлөнүн очогу бузулган. Кыргызстанда соңку беш жылдын ичинде балдардын 40 пайыздан ашык толук кандуу эмес үй-бүлөдө төрөлгөн жана ал балдар атасыз өсүүдө. Мындай учурда көп эле балдар кризистик абалга туш болуп балдардын психологиясы жабыркашы байкалат. Негизи ажырашканда ата-эне балдардын абалын, психологиясын, көйгөйүн эске албайт, алар өз кызыкчылыктарын биринчи орунга коюшат. Чоңдор үчүн көпчүлүк учурда баланын курсагы ток, ажырашып кеткенде алимент төлөнсө болду.

Ажырашуулардын көбөйүшү, өзгөчө алгачкы үйлөнгөн жылдарда, жаштардын арасында үй-бүлөөнү түзүү жана пландоо, үй-бүлөнү турукташтыруу жолдорун издөө зарыл жана актуалдуу экендигин күбөлөндүрөт. Заманбап үй-бүлө психологиялык көп көйгөйлөрдү башынан өткөрдү жана өнүгүүнүн жаңы тенденцияларына ээ болду. Үй-бүлөлүк жашоо адамга көп талаптарды коёт. Жаш үй-бүлөлөрдүн туруктуулугун аныктоочу эң негизги фактор - жаштардын турмуш куруугa даярдыгы. Изилдөөлөрдүн негизинде никенин бузулушуна таасирин тийгизген биринчи себептердин арасында төмөнкүлөр аныкталган:

- жубайлардын психологиялык жактан келишпестиги;
- кайын эне –келиндин келишпестиги;
- карыган ата-энеден бөлүнүп өзүнчө турмуш куруу,
- материалдык кемчиликтер ж.б.

Соңку жылдарда өлкөбүздө жаштардын адептик сапаттарында, жалпы жүрүш-турушунда, мүнөз аракеттеринде терс сапаттар мурдагы учурларга караганда көбөйүп кетти деп айтылууда. Баланы тарбиялоодо баарынан биринчи орунда ата-эне турат. Кыргыздар байыркы убактан эле балдарды атасына, кыздарды энесине карап баалашкан, ата-энеге карап куда түшкөн, ата-энеге карап жоро-жолдош күткөн. Акыркы мезгилде бала тарбиялоо милдети айрым учурда мектепке жана көчөгө гана жүктөлүп калды. Ата-эненин бошобогондугу, тышкы миграциянын

күчөгөндүгүнүн негизинде балдар көп учурда өзү менен өзү болуп калды. Үй-бүлөдө адам ишенимди, колдоо сезимин, аны күткөн, сүйгөн, жеке өзгөчөлүктөрү, артыкчылыктары жана кемчиликтери менен кабыл алган адамдар бар экенин билип турат. Үй-бүлө мамилелери адеп-ахлак жана укук ченемдери менен жөнгө салынат. Алар никеге негизделет - эркек менен аялдын ортосундагы мамилелерди мыйзамдуу таануу, ал балдардын төрөлүшү менен коштолот.

Балдардын турмуш куруусу, өмүрлүк жолдошун туура тандоосу үчүн, аларга кичинекей кезден эле көңүл буруу керек. Үйдөгү ата-эненин ортосундагы мамиле балага чоң таасирин тийгизет. Ата эне балага үлгү болуп, тарбия берүүсү маанилүү жана балдарга өзүнүн курагына, психологиясына, физиологиясына жараша жоопкерчилик берилиш керек. Жашоодо көп нерсе балдарды туура тарбиялоодон көз каранды. Ошондуктан, жаштарды алдын ала турмушка даярдоодо үй-бүлөдөгү көңүл бура турчу нерсе - алгач бала тарбиялоодон мурун ата-эне билим, илим алуу керек.

*Үй-бүлөлүк тарбия* – бул конкреттүү үй-бүлөнүн шарттарында ата-энелердин жана тууганадрдын күчү менен калыптануучу тарбиялоо жана билим берүү системасы. Өсүп келе жаткан балдарда негизги моралдык идеялар, моралдык принциптер үй-бүлөдө калыптанат. Социологиялык изилдөөлөрдү караганда инсандын келечектеги үй-бүлөнү түзүү процессиндеги алгачкы багыты ата-энелик үй-бүлөгө болгон багыт экенин далилдейт. Адам бала кезинен баштап үй-бүлөдө турмуштук тажрыйбасын калыптандырат жана бекемдейт. Ата-эненин үй-бүлөдөгү үй-бүлөлүк атмосфера жаратуусу баланын жакшы эмоционалдык жашоосун өнүктүрөт жана келечектеги өзүнүн үй-бүлөсүнүн оң имиджин калыптандырат.

Үй-бүлөлүк тарбиянын балдарды үй-бүлөлүк жашоого даярдоонун эң маанилүү шарттары болуп төмөндөгүлөр саналат:

- тартипти сактоо,
- үй-бүлөлүк чарбаны чогуу жүргүзүү,
- балдардын катышуусу менен үй-бүлө бюджетин пландуу бөлүштүрүү,
- үй-бүлөлүк эрежелерди жана салттарды сактоо (улууну сыйлоо, кичүүнү урматто),
- жагымдуу микроклиматты түзүү,
- биргелешкен эмгек ишмердүүлүктү жүргүзүү ж.б.

Ал эми үй-бүлөлүк тарбиядан тышкары жаштар никеге психологиялык жактан дагы даяр болуусу керек. Жаштарда азыркы илимий деңгээлдеги социалдык-философиялык, психологиялык, педагогикалык, укуктук, психосексуалдык, үй-бүлөө куруунун өзгөчөлүктөрү жана шарттары, нике жана үй-бүлө мамилелери жөнүндө билимдер жана жөндөмдүүлүктөр болуш керек. Адамзаттын, өлкөнүн, элдин, үй-бүлөнүн тарыхына кызыгуусу, үй-бүлө баалулуктар, нике жана үй-бүлөлүк мамилелердин өзгөчөлүктөрүн сактоо жөнүндө түшүнүгү болушу зарыл.

Адамдын турмушка жана үй-бүлөгө даярдыгынын активдүүлүк компоненти болуп өз ара аракеттенүүнүн негизинде никенин жана үй-бүлөнүн идеалдуу планынан практикалык планына эркин өтүү, руханий жана физикалык мамилелердин гармониясына жетишүү, чыныгы мамилелерди куруу, анын ичинде жубайлар бири бирине жардам берүү, сүйүү, балалуу болуу, ата-энени сыйлоо, урматтоо, адамды коргоо, турмуш тиричилик кылуу саналат.

Илимий эмгектерде азыркы мезгилдеги жаштардын үй-бүлө курууга даярдыгы жана алардын никеге карата көз караштары изилденүүдө. Жаштардын турмуш курууга карата ойлору, үй-бүлө жөнүндө түшүнүктөрү, үй-бүлө баалуулуктары, үй-бүлөдөгү лидер, турмуш куруунун убактысы жөнүндөгү суроолор талкууланып келет. Ошентип, жаштарды үй-бүлө курууга даярдоо негизи үй-бүлөөдөн башталып, жогорку окуу жайларда, орто мектепте, коомчулукта жүргүзүлүүсү зарыл.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Мыкты ата-эне болуунун сырлары. Бала тарбиялоодо ийгиликке жеткирүүчү жөнөкөй жети кадам. Таалим. Х.Монтгомери./2022

2. Балам мыкты болсун десеңиз. Ата-энелер үчүн кеңештер/ К.Акматов, Т.Маматов./Мезгил басма үйү/ 2022

3. Кыргыз Республикасынын үйбүлө кодекси/ 2003-жылдын 30-августу

4. Андреева, Т. В. Семейная психология: Учеб. Пособие [Текст] / Т.В. Андреева. – СПб. : Речь, 2004. – 244 с.
5. Сказка длиною в жизнь. Учебник семейного счастья Татьяна Габерман Электронный учебник.